| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 11-июлу №1** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылынын Т.Чолушев атындагы орто мектебинин эски имаратын бузуу жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылынын Т.Чолушев атындагы орто мектебинин эски имаратын бузуп ордуна футбол аянтча куруу долбоордо каралгандыктан, аталган имаратты бузуу боюнча айыл өкмөт башчысынын сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVII сессиясы **токтом кылат:**

1. 1-Май айылындагы Т.Чолушев атындагы орто мектебинин мурунку окуу имаратын жана ашканасын бузуу жагы долбоорго кирип калгандыктан аталган имараттарды бузууга макулдук берилсин.
2. Аталган имараттарды бузуу жана керектүү эски курулуш материалдары алуу жагы мектептин директоруна жүктөлсүн.
3. Аталган имараттарды бузуудан кийин чыккан жарактуу материалдарды баалап берүү жагы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
4. Имараттарды бузуудан кийин чыккан жарактуу курулуш материалдар атайын комиссия менен сатылсын.
5. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ТОКТОМ**

**2026-жылдын 11-июлу №2** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Дрен массивиндеги №416-контурунан турак жай куруугa жер тилкелерин бөлүп берүү жөнүндө**

Жергиликтүү тургундарга турак жай куруу үчүн жер тилке бөлүп берүү боюнча комиссиянын 2026-жылдын 3-июлундагы "Күмүштак айыл аймагындагы Боо-Терек айылындагы №416-контурдагы турак жай куруу максатында жер тилке бөлүп берүү боюнча" №1 протоколун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVII сессиясы **токтом кылат:**

1. Боо-Терек айылындагы Дрен массивиндеги №416-контурдагы жер аянты турак жай куруугa жер тилке катары бөлүнүп берилсин.
2. Ата энеси жок томолой жетимдер Боо-Терек айылынын тургуну Торгоева Асыл Кеңешбековнага жана Кыргызстан айылынын тургуну Таласбекова Амина Жылдызбековнага Боо-Терек айылындагы Дрен массивиндеги №416-контурдан турак жай куруугa жер тилкелери бөлүнүп берилсин.
3. Жалгыз бой, аз камсыз Боо-Терек айылынын тургуну Назарбекова Күлбүбүгө аталган контурдан турак жай куруугa жер тилке бөлүнүп берилсин.
4. Дрен массивиндеги №416-контурундагы курулуп калган 2 үй бар 2 жер тилке ошол эле үй курган ээлерине берилсин.
5. Жергиликтүү тургундарга турак жай куруу үчүн жер тилке бөлүп берүү боюнча комиссиянын чечиминин негизинде Күмүштак айыл аймагынын баардык томолой жетимдерине турак жай куруу үчүн жер тилке бөлүнүп берилсин.
6. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**

**2026-жылдын 11-июлу №3** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылынын Т.Чолушев атындагы орто мектебинин трансформаторун жылдыруу жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагынын 1-Май айылынын Т.Чолушев атындагы орто мектебинине жаңы трансформатор коюлгандыгына байланыштуу эски трансформаторду А.Сапаралиев атындагы бала бакчанын аянтына коюу керектиги жөнүндө айыл өкмөт башчысынын сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVII сессиясы **токтом кылат:**

1. 1-Май айылындагы Т.Чолушев атындагы орто мектебине жаңы трансформатор коюлгандыгына байланыштуу эски трансформатор А.Сапаралиев атындагы бала бакчанын аянтына коюлсун.
5. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**